**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**БАТКЕН РАЙОНУ**
**СУУ-БАШЫ АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАТКЕНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**СУУ-БАШИНСКОГО АЙЫЛНОГО**
**АЙМАКА**

Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын
кезексиз IV сессиясы

# ТОКТОМ №22

Бужум айылы — 2025-жылдын 5-февралы

**Суу-Башы айыл аймагынан жер аянтын которууга (трансформациялоого) макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 15-июлундагы "Жер участокторун которуу (трансформациялоо)жөнүндөгү" №145-Мыйзамынын 7-беренесине ылайык, Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 3-февралындагы №70 сандуу катынын негизинде, Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жер ресурстары жана муниципалдык менчик боюнча адисин угуп, талкуулап Суу-Башы айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Баткен районунун Суу-Башы айыл аймагында жайгашкан №995-контурундагы 0,02га, №994-контурундагы 0,08га жалпы 0,10га жер аянттарын "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынын ичиндеги "Жайыт" түрүнөн "Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер" категориясына которууга (транформациялоого) макулдук берилсин.

2. Токтомдун негизинде керектүү болгон иш кагаздарын даярдап берүү жагы Суу-Башы айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

3. Токтом каттодон өткөрүлүп, suu-bashy.gov.kg веб-сайтына жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Баткен облусунун юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

4. Ушул токтомду көзөмөлгө алуу жагы жер, айыл чарба жана муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага:** **К.Шакиров**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛУСУ<br>БАТКЕН РАЙОНУ<br>СУУ-БАШЫ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАТКЕНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>СУУ-БАШИНСКОГО АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА |
|---|---|---|

Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын
кезексиз IV сессиясы

# ТОКТОМ №23

Бужум айылы 2025-жылдын 5-февралы

**Суу-Башы айыл аймагындагы тике суу кудуктарын жана насостук станциясын Баткен райондук суу чарба башкармалыгына өткөрүп берүү жөнүндө.**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 29-апрелиндеги №207 токтомуна ылайык, Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 4-февралындагы №69 сандуу чыгыш катынын негизинде, Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жер ресурстары жана муниципалдык менчик боюнча адисин угуп, талкуулап Суу-Башы айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Бужум айылындагы "Келечек" тике суу кудугу, "Жаңы конуш" тике суу кудугу жана "Береке" насостук станциясын, Айгүл-Таш айылындагы "Айгүл-Таш" тике суу кудугун Баткен райондук суу чарба башкармалыгына өткөрүп берүүгө макулдук берилсин.

2. Токтомдун негизинде керектүү болгон иш кагаздарын даярдап берүү жагы Суу-Башы айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

3. Токтом каттодон өткөрүлүп, suu-bashy.gov.kg веб-сайтына жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Баткен облусунун юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

4. Ушул токтомду көзөмөлгө алуу жагы жер,айыл чарба жана муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага: К.Шакиров

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**БАТКЕН ОБЛУСУ**<br>**БАТКЕН РАЙОНУ**<br>**СУУ-БАШЫ АЙЫЛ**<br>**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**<br>**КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**БАТКЕНСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**СУУ-БАШИНСКОГО АЙЫЛНОГО**<br>**АЙМАКА** |

Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз IV сессиясы

# ТОКТОМ №24

Бужум айылы 2025-жылдын 5-февралы

**Суу-Башы айыл аймагындагы ээси жок ирригациялык каналдарды Баткен райондук суу чарба башкармалыгына өткөрүп берүү жөнүндө.**

Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 1995-жылдын 7-июлундагы №271 токтомуна жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 29-апрелиндеги №207 токтомуна ылайык, Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 4-февралындагы №69 сандуу чыгыш катынын негизинде, Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жер ресурстары жана муниципалдык менчик боюнча адисин угуп, талкуулап Суу-Башы айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Бужум айылындагы Р-1 каналы 4,217км коргоо тилкеси 16м, Р-1-1 0,744км коргоо тилкеси 16м, У-1 1,828км коргоо тилкеси 12м, У-2 2,967км коргоо тилкеси 12м, У-2а 0,576км коргоо тилкеси 12м, У-3 2,596км коргоо тилкеси 12м, У-4 1,648км коргоо тилкеси 12м, У-5 0,24км коргоо тилкеси 12м, У-6 1,515км коргоо тилкеси 12м жалпы узундугу 16,331км.

   Боз-Адыр, Кара-Токой, Шереч айылдарындагы Кол арык 7,362км коргоо тилкеси 12м, Шереч арык 4,957км коргоо тилкеси 12м, Лотковая сеть-1 2,564км коргоо тилкеси 12м, Лотковая сеть-2 6,73км коргоо тилкеси 12м, Лотковая сеть-2-1 1,686км коргоо тилкеси 12м, Лотковая сеть-2-2 0,756км коргоо тилкеси 12м, Лотковая сеть-2-3 1,404 км коргоо тилкеси 12м, Лотковая сеть-2-4 0,492км коргоо тилкеси 12м, Лотковая сеть-3 1,538км коргоо тилкеси 12м, Лотковая сеть-3-1 0,834км коргоо тилкеси 12м, Лотковая сеть-3-2 0,648км коргоо тилкеси 12м, Ширеч насостук станциядан башкы суу алуу түйүнү 0,250км коргоо тилкеси 12м жалпы узундугу 29,221км.

   Апкан арык 5,543км коргоо тилкеси 12м, Бөжөй сай 9,671км коргоо тилкеси 12м, жалпы узундугу 15,214км.

   Суу-Башы айыл аймагы боюнча жалпы 60,766км ээси жок ирригациялык каналдарды Баткен райондук суу чарба башкармалыгына өткөрүп берүүгө макулдук берилсин.

2. Токтомдун негизинде керектүү болгон иш кагаздарын даярдап берүү жагы Суу-Башы айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

3. Токтом каттодон өткөрүлүп, suu-bashy.gov.kg веб-сайтына жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Баткен облусунун юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

4. Ушул токтомду көзөмөлгө алуу жагы жер,айыл чарба жана муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага:** **К.Шакиров**